| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги II сессиясынын

№ 2 ТОКТОМУ

05. 04. 2024-жыл — Арал айылы

Атай айыл аймагынын
айыл өкмөтүнүн аппаратынын
штаттык бирдик түзүмүн,
контрактык негиздеги
кошумча штаттык бирдик түзүмүн
жана статист-экономист ыйгарым
укуктуу штатын бекиттирүү жөнүндө

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Жаңыбаев Аскербек Карыпбековичтин Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык бирдик түзүмүн, контрактык негиздеги кошумча штаттык бирдик түзүмүн жана статист-экономист ыйгарым укуктуу штатын бекиттирүү жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V шайланган депутаттарынын кезектеги II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” №52 токтомуна ылайык, Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык бирдигинин түзүмү бекитилсин (тиркеме тиркелет).
2. Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу башкаруу тармагынын 2024-жылга карата муниципалдык кызматкерлер 9 (тогуз) штаттык бирдик түзүмү, техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдар 3 (үч), Атай айылдык кеңешинин жооптуу катчысы 1 (бир), экономист-статист ыйгарым укуктуу 1 (бир), контрактык негизде 4 (төрт) штаттык бирдик түзүмү бекитилсин.
3. Контрактык негиздеги 4 (төрт) штаттык бирдик, башкы адистин айлыгы менен бирдей өлчөмдө төлөнүп берилсин.
4. Атай айыл өкмөтүнүн 2024-жылга кабыл алынган бюджети 27 273,8 миң сом болуп белгиленсин.
5. Атай айыл өкмөтүнүн 01.01.2024-жылга калдык сумма 2307,9 миң сом болуп белгиленсин.
6. Токтомду аткаруу жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы З.Ташматовко милдеттендирилсин.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Жаңыбаев Аскербек Карыпбековичке жана бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы: Н. Т. Жээнбаев